Тумар тагынган адам, чынында ширк кылган болот" - деди

Укба бин Аамир аль-Жуханий (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын эчисине (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) он чакты адам келип, ал алардын тогузу менен убада-келишим кылып, онунчусуна келишим кылбай койду. О, Аллахтын элчиси, тогузу менен келишим кылып, бирөөн калтырып койдуң го? - дешти эле, ал: "Анын тагынган тумары бар экен" - деди. Тиги киши коюнуна колун салып, тумарын жулуп таштады эле, аны менен убада-келишим кылып, анан: "Тумар тагынган адам, чынында ширк кылган болот" - деди.

[Хасан (жакшы)] [Ахмад жазып калтырган]

Пайгамбарыбызга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бир жамаат адам келет, алардын саны он болчу. Алардын тогузу менен исламга кирүүгө жана аны ээрчүүгө келишим-убадасын алат. Бирөөсү менен андай келишим кылбай койот. Мунун себебин сураганда, пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай дейт: Анын тумары бар экен. Тумар дегени, мончок, же дагы башка бир нерселерди жипке байлап, көз тийүүдөн жана башка зыяндан сактайт деп тагынып алуу. Ошенткенде тиги киши колун салып тумарын кесип алып таштайт. Ошондон кийин гана пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аны менен келишим кылат. Анан тумар тагынуудан тыйып, эскертип, аны тагынуунун өкүмүн баяндайт: "Тумар тагынган киши чынында ширк кылган болот".

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/6762